19 (212)

„Саринжи. Бөкөй"

„Эр Табылды"

Институт языка, литературы и истории
РУКОП.
инв. № 19
9 окт. 1981 г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

<u>Мазмұны.</u>


| | | беті |
|---|---|---|
| 1. | Сарыннан, Бокей. | 1 - 72. |
| 2. | Ғр Табылды. | 73 - 94. |


/араб алфавитімен басылған/.

Перепечатано с арабского алфавита, Инв №212.

12/II-54г.

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 212
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

1.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 19
93 стр. 1981г
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

"Кыргыз бакчасы"

Он тогузунчу топ,

Окуйтган жомакдар, /Саринжи, Бекей хам Эр Табылды/

П. дурус

Жыйновчи хем тартип кылычы Кайым Мунтаков.

1924 – 22 – июль

Туркстан Тажикстенде.

2-инчи бөлүм. /Окуйга чоң ыр/. Тартипке алынды. Муптаков.

САРИНЖИ, БӨКӨЙ.

1. Жамгырчы башанын упат болгону, Саринжинин жетим калганы.

Саринжи, Бөкөй

1. ЖАМГЫРЧЫ ХАН ЖАНА САРИНЖИ.

Улуу катындан Жамгырчы жалгыз, кичүү катындан Бөкөй алты агайын экен. Экөө эки элге хан экен. Жамгырчы алтын так минген нуумети жүргөн хан болгон экен. Бөкөй алты агалын болгону менен жарды болуп, жалгыз кара жорго деген бир гана аты болгон экен. Жамгырчы хандын мал-мүлкү болгонну менен катыны бала төрөбөй жүрүп бир эркек перзент тапкан экен. Атын зарылганда көрдүм деп Саринжи койгон экен. 12 ден 13 кө аяк басканда Саринжиге Жамгырчы башаа Карача башанын кызы Берметке куда болгон экен. Айдап мал берип, алтын дилла берип ошо келинди алып жалгыз уулумду үйлөп жаныма коңшу кылып кондурсам кудайга арманым жок- деп, турган экен. Ойлогон сөзү акыл болгон. Жамгырчы хан калмактын Күлдүр ханга жакын.

2. БӨКӨЙ ХАН ЖАМГЫРЧЫ ХАНДЫН КӨҢҮЛҮН СУРАГАНЫ.

Ошентип тибекте турганда Жамгырчы хан элеттен келип ооруп калган. Көйнин жастап, келмесин айттырып калган

экен. Ошонтип жаткан убакта калкы ыйлап Жамгырчынын көңүлүн сурап, ошондо Жамгырчы адам болбойт экен. Кайра калкка кошулбайт экенго деп түңүлүп турганда Жамгырчынын бир жигити Бөкөйгө кабарга барат. Бөкөйгө Жамгырчы хандын көңүлүн эмнеге сурабайсыз дейт. Анан кийин Бөкөй хан Кара жоргосуна минип Жамгырчы ханга келип капаланып ыйлап турган жери ушул.

Ашуу бийик дубанбы?
Акылман аке аманбы?
Аманат жаның кыйналып
Арманда болуп турганда
Бүгүн уктум кабарды.
Кыбыладан шамалбы?
Кыйналып акем жатат деп
Бүгүн уктум кабарды.
Арманда болуп ыйласаң
Алсыраттың элиңди,
Коебу сиздей бегимди
Арманда болуп ыйласак
Арманда кылбай элиңди
Капа кылдың жанымды
Тилесе коер бекен бегимди.
Минип турар бекенсиң
Алтындан кылган тагыңды.
Калың бир журтуң ыйласа,
Коебу сиздей ханымды.